U

# НЕГИЗГИ КЕЛИШИМ

**г. Бишкек** «17» мая 2023г.

**Академик К.Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик Университети, Кыргызстан** (мындан ары «Университет») жана

**Yumehashi Co., Ltd.** Жапония (мындан ары «Yumehashi») тарабынан жүргүзүлгөн стажировкага кабыл алуу программасына (мындан ары «бул программа») карата, эки тарап ушуну менен төмөнкү беренелердин негизинде келишим түзөт.

**1-берене (Максат)**

**1.1.** Yumehashi компаниясы университеттин студенттерин кабыл алат жана бул программаны колдогон компанияларда же жеке ишкерлерде стажировкадан өтүүнү камсыз кылат.

**1.2.** Жапон өнөр жай технологиясынан тышкары жапон маданиятын, каада-салттарын жана жүрүм-туруму менен таанышып, жапон тилин жакшыртуу жана эл аралык алмашууну өнүктүрүүнү максат кылат.

**2-статья (Практиканын студенттери)**

**Стажировкага төмөнкү шарттарда кабыл алынат.**

**2.1.** Учурда университетте окуп жаткан, жетишкендиги ортодон жогору болгон, университет тарабынан сунушталган студенттер.

**2.2.** Yumehashi тарабынан коюлган мөөнөтүн (бир жылдын) ичинде бүтүрө алгандар.

**2.3.** Жапон технологиясына, маданиятына, каада-салттарына жана жүрүм-турумуна кызыккан жана активдүү үйрөнүүгө даяр болгон студенттер.

**2.4.** Жапон каада-салттарына, жана кабыл алуучу компаниянын эрежелерине көнүү мүмкүнчүлүгү бар студенттер.

**2.5.** Жапон тилин билүү деңгээли N5тен N4кө чейин же андан жогору болгондор (күнүмдүк баарлашып, эскертүүлөрдү жасай ала турган деңгээл) жана жапон компаниясында баарлаша алгандар.

**2.6.** Психикалык жана физикалык жактан дени сак, өнөкөт оорулары жок, бир да жолу катуу оорудан улам ооруканада болбогондор ж.б. Бирок дарыгердин диагнозу менен Японияга келүүгө уруксаты барлар жарайт.

**3-берене (эки тараптын милдеттери)**

**Университеттин жоопкерчилиги**

**3.1.** Университет жогорудагы берененин шарттарына жооп берген студенттерди стажировка өтүү үчүн сунуш кылат.

**3.2.** Стажировка өтүп, кайра кайтып келген студентти талапка ылайык документтердин негизинде кайра окуусун улантууга шарт түзүп берүү.

**Окуусун ийгиликтүү аяктоого кепилдик**

**3.3.** Сунушталган студенттер кабыл алынгандан кийин, студенттердин Японияга жөнөө үчүн керектүү документтерди даярдоодо көмөктөшүүсү.

**3.4.** Японияда жүргөн студенттер менен тыгыз байланышта болуу, студенттерге психикалык жактан колдоо көрсөтүү жана стажировка программаларын жакшыртууга көмөк көрсөтүү.

**3.5.** Стажировканын шарттарын жогорулатуу максатында Yumehashi менен практикага байланыштуу маалыматтар жана студенттердин пикирлери менен бөлүшүү.

**Yumehashiнин жоопкерчилиги**

**3.6.** Yumehashi Университет тарабынан сунушталган студенттерди жана алардын документтерин кабыл алуу.

**3.7.** Yumehashi экзаменден кийин, практикага ылайыктуу деп табылган студенттерди кабыл алуучу компаниясы менен кеңешүү.

**3.8.** Yumehashi компаниясы кабыл алынган студенттерди Университет жана кабыл алуучу компания менен кенешип японияга келе турган убактысын чечүү жана даярдыктарды коруп баштайт.

**3.9.** Yumehashi практикага өткөн студенттер Японияга келгенден кийин да студенттер менен байланышта болуп, студенттерге психикалык жардам көрсөтүүгө аракет кылат.

**3.10.** Эгерде стажировка учурунда кандайдыр бир көйгөй жаралса, Yumehashi кырдаалды дароо кабарлап, университет менен бирге ишти жакшыртууга аракет кылат.

**4-берене (виза)**

**4.1.** Yumehashi компаниясы Япониядагы Иммиграциядан уруксат барагын алып Кыргызстанга жөнөтөт, ал уруксат кагаз менен кыргыз тараптагы жапон консулдугуна барып студенттер виза алышат. Кыргыз тараптан виза алуу үчүн төлөмдөрдү студент өзү төлөйт.

**Практика мезгилинде төмөнкү толом шарттары колдонулат**

**5.1.** Жапон тараптагы кабыл алуучу компания стажировкадан өтүүчү студентке окуу үчүн маяна катары жашаган жеринин (старт айлык) негизинде сааттык эмгек акы төлөп берет.

**5.2.** Киреше салыгы, коммуналдык төлөмдөр жана медициналык камсыздандыруу төлөмдөрү айлык акыдан кармалат.

**5.3.** Практика убактысы күнүнө 8 саат, жумасына 40 саат. Бирок, күнүнө же жумасына 8 саат, 40 сааттан ашык болушу мүмкүн. Анда 25% кошумча эмгек акы төлөнөт.

**5.4.** Тамак аш студенттердин өздөрү тарабынан төлөнөт.

**5.5.** Бул шарттар «Практикадан өтүү шарттарында» өзүнчө баяндалат.

**6-берене (Страховка менен камсыздандыруу)**

**6.1.** Практикадан өткөн студенттер страховка менен камсыздандырылат. Практиканын мөөнөтүнүн узактыгына жараша студенттер мамлекеттик камсыздандырууга же чет өлкөдө ар кандай кырсыктан камсыздандырууга катталышат. Мамлекеттик камсыздандырууну студенттер өздөрү, ал эми чет өлкөдө болгон кырсыктан камсыздандыруу япон тарап көтөрөт.

**7-статья (Практиканы токтотуу)**

**7.1.** Төмөнкү жагдайларда, университет жана Yumehashi өз ара сүйлөшүп жакшыртууларды киргизет. Жакшыртуу мүмкүн болбогон учурда, практика Yumehashiнин жетекчилиги астында жокко чыгарылат, ал эми стажировкадан өткөн студент өз өлкөсүнө өз жоопкерчилиги жана өз эсебинен кайтып келет. Мындай учурда практика катары баалар берилбейт.

**7.2.** Студенттин практика аткаруу жөндөмү жок болгон учурда, жетекчиликтин жана практиканын шарттарын аткарбаган учурда, бир топ эскертүүлөрдү алган болсо.

**7.3.** Эгерде практика учурунда студент кечигип же таптакыр келбесе же аны кабыл алган компаниянын эрежесин сактабаса, мисалы, окууга болгон мамилеси начар болсо.

**7.4.** Эгерде интерн Япониянын мыйзамдарын жана эрежелерин же жумушка орноштуруу боюнча эрежелерди же кабыл алуучу компаниянын башка эрежелерин бузса. Жапон мамлекетинин кылмыш мыйзамдарын бузган учурда, практика токтотулуп, Япониянын полиция агенттигине өткөрүлүп берилет.

**7.5.** Эгерде стажировкадан өтүүчү студент өзүнүн жоопкерчилигинен улам узак мөөнөттүү дарылоого муктаж болсо же жеке же үй-бүлөлүк жагдайлардан улам окууну улантуу кыйын болгон учурда.

**8-берене (Жеке маалымат)**

8.1.Жеке маалымат жеке инсан жонүндө маалымат болуп саналат анын аты-жөнү, туулган күнү, электрондук почта дареги жана маалыматта камтылган башка сыпаттамалар боюнча конкреттүү инсанды идентификациялоого мүмкүн болгон маалыматты билдирет.

8.2.Университет жана Yumehashi бул программаны ишке ашырууда берилген жеке маалыматты коргоо боюнча менеджерди дайындайт жана жооптуу адам ар дайым жеке маалыматтын жайгашкан жерин жана башкаруу абалын көзөмөлдөп турушу керек. Мындан тышкары жооптуу адам өзү жана анын кызматкерлери тарабынан жеке маалыматтардын купуялуулугун сактоо боюнча тиешелүү контролдук чараларды көрүүгө милдеттүү.

**9-статья (Жашыруундуулук жана зыяндын ордун толтуруу)**

9.1. Университет бул программанын материалдарын, колдонмолорун, ушул келишимди, тиешелүү документтерди, know-how ды ж.б.у.с. Yumehashiнин макулдугусуз башкаларга ачыкка чыгарбашы керек. Кошумчалай кетсек, бул Келишим токтотулгандан кийин да ачыкка чыгарылбайт. Эгер аны ачыкка чыгарса, келтирилген зыян үчүн жооп берилет.

**10-берене (Университеттин кызматташуу акысы)**

10.1.Yumehashi японияга практикага келген ар бир студент үчүн университетке кызматташуу акысын төлөйт.

**12-статья (Кошумча жоболор)**

11.1. Эгерде ушул Келишимде баяндалган эрежелер олуттуу бузулса, келишим токтотулат.

11.2. Бул келишимди чечмелөө жана талаш маселелерди чечүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана эрежелери менен жөнгө салынат.

11.3. Бул келишим колдор коюлган тараптан баштап күчүнө кирет жана университет же Yumehashi тарабынан жазуу жүзүндө токтотууну талап кылганда аяктайт.

11.4. Бул Макулдашуунун далили катары бул документтин эки түп нускасы түзүлдү жана ар бир тарап бирден көчүрмөсүн өзүнө калтырат, талаш тартыш учурунда кыргыз тилиндеги келишим негизги деп саналат.

**К.Карасаев атындагы Бишкек Мамлекеттик Университети**
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
Ч. Айтматов проспектиси 27

**Ректор**

**А.И. Мусаев**

**Yumehashi Co., Ltd.**

Япония, Канагава преф. Чигасаки,
Хишинума, 1-5-21, 2530011

**Компания жетекчиси**

栗原 正弘

**Курихара Масахиро**